**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТҮШТҮК БӨЛҮМҮ**

**КЫРГЫЗСТАН ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

К12.17.549 Диссертациялык кеңеши

***Кол жазма укугунда***
УДК: 340.15 (572.2) (043.3)

**Бекташова Кишимжан Бекташовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ЖАРАНДЫК КООМДУ КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮНҮН УКУКТУК ПРОБЛЕМАЛАРЫ

12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы,
укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

**юридика илимдеринин кандидаты**
**окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн**
**жазылган диссертациянын**
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Ош – 2018

Диссертация Ош мамлекеттик университетинин мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы кафедрасында даярдалган.

**Илимий жетекчи**: юридика илимдеринин доктору, профессор
**Дуйсенов Эркин Эрманович**

**Расмий оппоненттер**: юридика илимдеринин доктору, профессор
**Ракимбаев Эркин Нурудинович**

юридика илимдеринин кандидаты
**Мажитов Бакытбек Омурзакович**

**Жетектөөчү уюм**: Кыргыз Республикасынын ИИМинин Э.А.Алиев атындагы Академиясынын мамлекеттик-укуктук дисциплиналар кафедрасы (адрес: 720083, Бишкек ш., Ч. Валиханов көч., 1А).

Диссертация 2018-жылдын 15-сентябрында саат 14.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн, Кыргызстан Эл аралык университетинин жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинин алдындагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча К12.17.549 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 723018, Ош шаары, Ленин көчөсү, 221.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: 723500, Ош шаары, А. Каримов көчөсү, 31. Эл. дареги: www.iuk.kg.

Автореферат 2018-жылдын «___» ____________таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин кандидаты, доцент** **Колсариева Н.Ш.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу** жарандык коомдун бардык аспектилеринин маанилүүлүгү, алардын Кыргызстандын ичиндеги акыркы жыйырма беш жыл ичинде мамлекет, анын саясий-укуктук жашоосунун өз ара тыгыз мамиле-катышы менен шартталган.

Жарандык коомчулук узак мезгилден бери мамлекеттик бийликтин башкы белгилеринин бири болгон демократиянын жана инсандын толук эркиндигинин базасы катары кызмат кылып келе жатат. Биз изилдөөгө алган тема кийинки жылдары жалпы коомчулукта кеңири кызыгууну жаратып, талкууга алынууда жана юридика илими багытындагы адабияттарда улам көбүрөөк чагылдырылууда. Ошондой болсо да жарандык коом мазмунун маңызы илимий-укуктук категория катары Кыргызстанда жетишерлик деңгээлде өз баасын ала элек.

ЖКдун (жарандык коом) бир топ дифференциялашкан саясий-укуктук жана ошондой эле мамлекет менен анын жашоочуларынын ажырагыс байланышынагы негиздерге ээ уникалдуу феномен экендиги жөнүндөгү теориялык аспект эч кандай талаш-тартышты жаратпайт. Албетте, ЖКдун типтерине анализ жүргүзүүдө, биринчи кезекте, мамлекет менен уктук-саясий жана башка мамилелерди түзө алган бир топ жогорку статустагы индивиддердин коому көзгө элестейт.

Кыргызстандын дээлик бардык жашоо-турмушун өз ичине камтыган ЖКго теориялык-укуктук анализ жүргүзүүнүн методологиясын изилдөөгө алууга өзгөчө кылдат мамиле жасалуусу зарыл жана бул мыйзам ченемдүү заман талабы. Булар, биздин оюбузча, жарандарды толук эркиндикке, теңдикке, адилеттикке, чынчылдыкка жана башка асыл сапаттарга жеткирүүчү процесстер болуп саналат, алар жалпы дүйнөлүк коомчулукка тиешелүү, демек, бул баалуулуктар Кыргызстандын да укуктук илимдери үчүн абдан актуалдуу.

Укук - адам баласы жалпы басып өткөн жолунда топтогон тажырыйбаларды иргөөгө алуучу, мыктыларын топтоочу жана кийинки муундарга өткөрүп берүүчү, аларды заман талабына ылайыкташтыруучу уникалдуу институт. Шарт-жагдайга, коомчулуктун талабына, Кыргызстандын социумундагы өз ара мамилелерге туура келүүчү жоболорду иштеп чыгуу жана аларды сактоо ар бир жарандын ыйык милдетине айланууга тийиш.

ЖК социалдык-укуктук процесстерди уюштуруучу форма катары байыртадан келе жаткан жана мезгил сынактарынан өткөн бай тажырыйбаларга ээ болгону менен юридика илимдеринде алиге чейи толук изилдөөгө алына элек катмар болуп эсептелет. Азыркы күндө Кыргызстанда ЖКду калыптандыруу жана өнүктүрүү процесси жүрүүдө жана анын методологиялык ыкмалары теориялык-укуктук багытта иштелип чыгууга тийиш.

Биз сөз кылып жаткан процесс бирдиктүү башкаруу системасынан анын көп түрдүү формаларына, азыр айрыкча көп сөз болуп жаткан башкаруунун демократиялык механизмдерине өтүүдө өтө актуалдуу. Бул көрүнүш Кыргызстан үчүн салыштырмалуу түрдө жаңы жана ал так жана

туура калыптанууга, андан ары өнүгүүгө ээ болууга тийиш. Геосаясаттын жана геоэкономиканын жаңы форматтарынын шарттарында алдыга коюлган максаттарга жетүүнүн социалдык-укуктук баасы кандай болот деген суроо азыр алдыбызда турат. КРындагы өткөөл мезгил учурундагы экономикалык чыгымдарды мүмкүн болушунча төмөндөтүү үчүн жаңы жана заман талабына жооп берген социалдык-саясий процесстерди уюштурууда жана аларды ишке ашырууда илимий жана методологиялык жактан мыкты иштелип чыккан иш-аракеттер зарыл.

Кыргызстандагы биз анализге алып жаткан жарандык коомдун проблематикасы өзгөчө мааниге ээ болуп, ал гуманитардык жана жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарга негизделген калктын калың катмарынын жана жүргүзүлүп жаткан саясий-укуктук саясаттын кызыкчылыктары менен шартталган. Биз сөз кылып жаткан ЖКду калыптандырууну жана өнүктүрүүнү ишке ашыруудагы биздеги бардык маселелердин татаалдашып кетишин алардын ашыкча саясатташып кеткени менен түшүндүрүүгө болот. Муну табигый-чийки зат ресурстарында да, өндүрүштөр дээрлик токтоп калган чакан шаарлардын көйгөйлөрүнөн да, айыл чарба азыктарын кайра иштетип чыгууга мүмкүн болбогон элет жерлеринде да, партиялардын жана коомдук кыймылдардын проблемаларында да, саламаттыкты сактоо жана билим берүү тармагында да байкоого болот. Демек, бул аспектилерге кылдат жана ар тараптуу анализ жасоо зарыл.  Аталган проблемаларды чечүүдө аларга анализ жасоо менен гана чектелүү таптакыр жетишсиз, аларды тартипке келтирүүүчүн иш жүзүндө иш-аракеттердин жүргүзүлүүсү керек.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана юридика багытындагы илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациянын темасы Ош мамлекеттик университетинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирген.

**Иштин максаты** болуп, “жарандык коом” түшүнүгүнүн теориялык-укуктук чектерин так аныктаган жана Кыргызстандын укуктук-социалдык жана саясий инстуттарынын иштерине концептуалдык база боло алуучу жана ар тараптуу жалпыланган жана такталган саясий-укуктук план-программаларды түзүү эсептелет.

Диссертациялык иште атап өткөн максаттар **төмөнкүдөй милдеттерди** шарттайт:

- “ЖКду” өнүктүрүү багытындагы татаал системаларды укуктук жөнгө салууну анализге алуу, бул институттун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- “ЖКду” аныктоо боюнча болгон илимий ыкмаларды, алардын мүнөздөмөлөрүн Кыргызстандын теориялык-укуктук негиздеринде анализге алуу;
- “ЖКдун”коцепциялары илиминдеги башкы маселелерди изилдөөгө алуу;
- ЖК менен мамлекеттин позитивдик корреляциясын теориялык-укуктук аспектиде изилдөөгө алуу;
- ЖК менен мамлекеттин өз ара байланышындагы укуктарды кеңейтүү;
- аталган багыттагы улуттук мыйзамдарды оптималдаштыруу үчүн практикалык сунуштарды киргизүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы -** Кыргызстандагы ЖКнын генезинин аспектилеринин биримдигин жана жыйындысын комплекстүү түрдө теориялык-укуктук анализге алуу.

- Жыйынтыктап айтканда, ЖК кеңири форматта жана маңызы боюнча философиялык контекстте талдоого алынды жана ал массалык аң-сезимде адилеттүүлүктүн принциптеринин бекемделишинин жолу жана каражаты, кыргызстандык социумдун туруктуулугунун орношунун шарты катары кабыл алынат.

- ЖК - дайыма өзгөрүп туруучу социалдык реалияларга жараша жаңы, объективдүү ченемдер (нормалар) жана баалуулуктар иштелип чыгуучу чөйрө;

- биздин ишибизде “ЖКдун жана саясий системанын” категориялык шкаласынын бир катар критерийлери иштелип чыкты.

Биздин изилдөөбүздө ЖКдунмамлекет менен болгон корреляциясын эске алуу менен ага теориялык-укуктук анализ жасалды жана укук маселесиндеги анын ордуна баа берилди жана илимий жана практикалык жактан чоң мааниге болгон жарандык коомдун концепцияларын аныктоого аракет жасадык.

Укуктук мамлекеттин жана ЖКдун өнүгүү процессиндегиөз ара себептик-натыйжалык көз карандылык байкалган айрым тенденцияларга баа берилди жана алар негизделди.

ЖКдун жалпы теориялык аспектилерин талдоого алууда жогоруда аталгандардан тышкары, жарандык коомдун институттарынын иш жүргүзүүсүнө жана анын азыркы учурдагы Кыргызстандын укуктук саясаты менен болгон байланышына да кеңири токтолууга туура келди.

Дүйнөлүк экономикалык кризис учурундагы Кыргызстан туш болгон олуттуу кыйынчылыктарга, ал мезгилдердеги татаал, көп аспектилүү жана көп полярдуу татаалчылыктардан чыгуунун жолдорун издөөгө талдоо жасоо да илимий иштин жаңычылдыгы болду. Экономикада канчалык көп татаалчылыктар жана кыйынчылыктар пайда болсо, аларды жеңип чыгуунун укуктук регламентацияларын издөө ошончолук көп болору жалпыга белгилүү. Бирок да, чет өлкөлөрдө топтолгон тажырыйбаларды Кыргызстандын экономикалык жана саясий-укуктук өзгөчөлүктөрүн эске албай туруп бир тараптуу колдонууга болбойт.

**Диссертациялык изилдөөлөрдөн алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү** изилдөө иштеринде, укуктук маселелерде, жождордо практикалык сабак өтүүдө колдонулуучу корутундулар жана сунуштар менен аныкталат. Биз жыйнаган жана сунуш кылган материалдарды Кыргызстандын укуктук системасына анализ берүү процессинде да колдонууга болот. Изилдөө ишинин методологиялык, практикалык жана дидактикалык мааниси ЖК менен мамлекеттин өз ара байланышындагы маселелелерди чечүүнүн негиздүү жолдорунун сунуш кылынгандыгында.

Изилдөө ишинин дидактикалык жагы бул багыттагы методикалык колдонмолорду даярдоо, курстарды өтүү, мамлекеттик кызматкерлерди даярдоо жана кайра даярдоодо атайын курстарды өтүү үчүн колдонууга

ылайыкташкандыгында. Биз жыйнаган жана даярдаган материалдар бул багыттагы маселерге кызыккан жалпы жарандар тарабынан да кеңири колдонууга ээ болушу да толук мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгылган негизги жоболору:**

1. ЖКдун идеялары жаңы жана соңку жаңы тарыхтын көптөгөн эпохалдык этаптары ичинде юридикалык жактан да, философиялык жактан да чоң кызыгууларды жаратып келе жатат. Бул кызыгуулардан жана изилдөөлөрдөн Кыргызстандын жамааттык коомун комплекстүү түрдө теориялык-укуктук жактан ар тараптуу анализге алуу маселелери да четте калган жок. Бул багыттагы изилдөөлөр структуралык жана системалык татаалдашуу менен өнүгүп жаткан социумдун алга жылуусун анализге алуунун мыйзам ченемдүү жана логикалык шартталган зарыл маселеси катары каралат. Биздин социум тандоого алган жолу, жарандык коом өзүнүн керектөөсүнө жана кызыгуусуна карата багыт алууга, ар кандай кризистерге, уруш-жаңжалдарга, терроргo каршы турууга, түрдүү терс көрүнүштөрдү четке кагууга тийиш. Кийинки жылдары Кыргызстанда социумдун протести катары кабыл алынган жана структуралык, системалык мамилелердин кайра түзүлүшүнө өбөлгө түзгөн кыймыл катары элдик революциялар болуп өттү.

2. ЖКго изилдөө жүргүзүү чоң мааниге ээ болгон доминанттардын биргелешкен өз ара аракеттенүүсүн эске алуу менен жүргүзүлдү. Биздин пикирибиз боюнча, Кыргызстандын жарандык коомунун калыптанышы социумдун кызыкчылыктары укуктук мамилелерге, мамлекеттин укук маселелерине, рынок экономикасына багытталган улуттук чарба жүргүзүүгө дал келгенде, алар калкты канааттандырганда гана ишке ашат. ЖКнын калыптанышындагы жана андан ары өнүгүшүндөгү негизги феномен катары конституция менен бекемделген жеке менчикти, жалпы экономикалык атаандаштыктын шарттарындабардык субъектилерге өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүүнү эсептөөгө болот. Бул шарттар жана мүмкүнчүлүктөр Кыргызстандын экономикалык жактан өнүгүүсүнө өбөлгө боло алар эле. Булардан тышкары ЖКны уюштуруунун, калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн спецификасы теориялык жактан негизделүүгө тийиш. Бул спецификалык өзгөчөлүктөр Кыргыз Республикасында ЖКнын теориясынын өнүгүүсү үчүн принципиалдык мааниге ээ болгон экономиканын көп деңгээлдик факторлорунун таасири менен тыгыз байланышкан.

3. ЖКдун өнүгүшүнүн укуктук формаларына анализ жасоого укуктук системанын сапаттарына объективдүү баа берүүнүн камсыз болушу чоң өбөлгө жана мүмкүнчүлүктөрдү түздү. ЖК түшүнүгү негизсиз түрдө кескин тарытылган жана саясат жүргүзүү менен гана чектелген мамлекеттик системага карама-каршы турган жарандык коомдун болушу жана иштеши жөнүндөгү чыгарылган корутундулар да биздин көңүлүбүздөн сырт калбады.

4. Жарандык коомдун күчтүү өнүгүшү үчүн мамлекеттин күчтүү жана ар кандай атаандаштыктарга жөндөмдүү болуусу зарыл. ЖКго биз жүргүзгөн теориялык-укуктук анализдер татаал коомдук система учурларында жарандык коом менен мамлекеттин өз ара мамилелеринин механизмдерин аныктоого мүмкүнчүлүк берди. Мамлекеттик кызматкерлерден айырмаланып

ЖК өкүлдөрү бийликке умтулбайт. “Коом-мамлекет” түшүнүктөрүнүн өз ара мамилелери принципиалдуу жаңы жана маанилүү этапка чыкты жана алар КРнын мыйзамдары тарабынан колдоого муктаж.

5. ЖКдун укуктарына анализ берүү бул түшүнүктүн өзүнө жана жарандык коом менен мамлекеттин ортосундагы байланыштардагы анын ордуна так аныктама берүүгө негизделди. Биздин изилдөөбүздө жана ЖКго талдоо жүргүзүүбүздө “ЖК-укук-мамлекет” мамилелеринин системасы колдонулду. ЖК түшүнүгүнүн Кыргыз Республикасынын укук системасында да туруктуу орун алышы азыркы учурда абдан орчундуу маселеге айланууда. Түрдүү ассамблеялардын, мамлекеттик ведомстволор алдындагы коомдук кеңештердин, МЭУлордун (НПО) жардамы жана түздөн-түз катышуусунда мамлекет менен түрдүү маселелерди чечүүнү өз алдына максат кылган иституттардын ортосундагы диалогдорду, байланыш-катыштарды түзүүгө болот. Бул институттар жалпысынан алганда, улам натыйжалуу иштеп жана коомдук экспертиза чөйрөсүнө активдүү тартылып жатканы менен саясий чечимдерге келүүдө алар жетишерлик деңгээлде өз кызматтарын аткара албай келет.

6. Кыргыз Республикасындагы жарандык коомго, анын азыркы абалына объективдүү баа берүүгө аракеттер жасалды. Жарандык коомдордун иштеринин активдешүүсүнө мамлекеттик органдар да аракет жасашууда, бул багытта иш-чаралар өткөрүлүүдө, атайын токтомдор жана жарлыктар кабыл алынууда. Кыргызстандын мамлекеттик бийлик органдарынын иштеринин айкындуулугун көтөрүү жана алардын жарандык коомдор менен болгон байланыштарын күчөтүү үчүн мыйзамдык мүнөздөгү бир катар иш-чаралар жүргүзүлдү жана бул аракеттер улантылууда.

**Изденүүчүнүн жекече салымы** диссертациялык изилдөөнүн материалдары жеке өзү тарабынан жыйналгандыгында жана илимий корутундулардын чыгарылгандыгында. Коргоого алынып чыккан диссертациянын жоболору диссертант тарабынан жекече иштелип чыгылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертация Ош мамлекеттик университетинин “Мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы” кафедрасында аткарылды жана талкуудан өттү. Диссертациянын негизги жоболору РИНЦтин адистешкен базасына киргизилген жана КРнын ВАКы тарабынан рекомендация берилген атайын басмаларда 10 илимий эмгекте чагылдырылды. Диссертациянын материалдары диссертант тарабынан “Мамлекеттин теориясы жана укук” курсунда лекция окууда, ЖКдун теориясы боюнча атайын курс өтүүдө пайдаланылды.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Илимий натыйжалар изденип изилдөөчү тарабынан он илимий макалада чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү** илимий жана диссертациялык талаптарга жооп берип, киришүүдөн, үч главадан, алты бөлүмдөн, тыянактардан, практикалык сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациялык изилдөөнүн көлөмү компьютердик терүүдө 162 беттен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯЛЫК ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертант тарабынан теманын актуалдуулугу белгиленген, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталган, диссертациянын методологиялык жана теориялык негиздери анализге алынган, анын илимий жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси негизделген, коргоого алынып чыгылган жоболор иштелген, жүргүзүлгөн изилдөөнүн апробацияланышынын натыйжалары келтирилген.

**1-Глава "Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун өнүгүү проблемаларына аналитикалык обзор".** Бул глава Кыргызстандагы жарандык коомдун өнүгүү проблемаларына арналып, ал эки бөлүмдөн турат. **1.1**-бөлүм **"Жарандык коом" категориясынын мазмунуна предметтик-максаттык анализ",** мында Кыргыз Республикасындагы ЖК генезисине анализ жасоого багытталды жана бул проблематиканын көп кырдуулугу белгиленди. Бул түшүнүк азыркы учурдун тенденцияларында да, келечекте да көп талаш-тартыштарга түшүшү толук мүмкүн. Кыргызстандын жарандык коому, аны өнүктүрүү, изилдөөгө алуу өнүккөн Батыш өлкөлөрүнөн кескин айырмаланып турат жана муну менен да бул багыт актуалдуулукка ээ болууда.

Изилдөө ишинде антикалык коомдогу, орто кылымдардагы, жаңы жана соңку жаңы мезгилдердеги окумуштуулардын жана авторлордун түрдүү концептилери, теориялары, парадигмалары терең талдоого алынды, алардын Кыргыз Республикасына жарактуулары тандалып алынды. Алар улуу ойчулдар, философтор жана юристтер: Платон, Аристотель, Т.Гоббс, Ж.Локк, Ш.Л.Монтескье, Ж-Ж.Руссо, И.Кант, Г.В.Ф.Гегель, А.Токвиль, К.Маркс, А.Грамши жана башкалар, ал эми булардын эмгектери жана теориялары илимде эч кандай талаш-тартышсыз кабыл алынууда.

Изилдөө процессинде ошондой эле түрдүү булактар изилдөөгө жана ар тараптуу талдоого алынды. Булардын ичинен Батышта кеңири белгилүү болгон укук таануучулар, социологдор жана философтор Г.Альмонд, Э.Геллнер, Д.Плевник жана башкалардын монографияларын бөлүп көрсөтүүгө болот.

Россиялык окумуштуулардын ичинен С.С.Алексеев, К.С.Гаджиев, Г.Н.Манов, М.Н.Марченко, В.С.Нерсесяндардын монографиялары өзгөчө кызыгууну жаратат. Алардын изилдөөлөрүндө ЖКдун парадигмалдык жана башка негиздеринин түрдүү аспектилери укуктук талдоого алынган.

Кыргызстандык окумуштуулардын эмгектеринде да бул проблематика ар тараптуу изилдөөгө алынганын көңүл көтөрүү менен белгилөөгө болот. Алардын ичинен алгачкылардан болуп К.Н.Нурбеков биз сөз кылган темага кайрылган. Кийинки этаптарда ЖКду изилдөөгө окумуштуу-юристтер А.А.Арабаев, Г.А.Муканбаева, Б.Бөрүбашев, Э.Э.Дүйсенов, Э.Н.Ракимбаевалар киришти. А.Табалдиев, А.Брудный, Т.К.Койчуев, А.Ч.Какеев, Р.А.Ачылова сыяктуу окумуштуулар социогуманистиканын биргелешкен тармактарын изилдөөгө алышкан. Жарандык коом

проблематикасы Казак окумуштуулары Г.С.Сапаргалиев, М.Т.Баймаханов, С.Ф.Ударцев ж.б. тарабынан татыктуу түрдө изилдөөгө алынган.

Укуктук мамилелердин өнүгүүсүнүн натыйжасында пайда болгон ЖКду кыйыр түрдө болсо да илимдин өз алдынча тармагы деп юридикалык жактан трактовкалаган пикирлер биздин өзгөчө кызыгуубузду жаратты. Жарандык коом түшүнүгүнө юридикалык жактан гана эмес философиялык жактан да мамиле жасоо зарыл, себеби ал коомдук системанычиндеги чакан система.

Кайсыл өңүттөн, кайсыл илимдин алкагынан карабайлы ал баары бир ошол эле жарандык коом феномени жана ага бир топ илимдердин чектери менен биргеликте кароо зарыл.

ЖК идеясынын өзү логикалык жактан алып караганда шарттуу ресурс жана мамлекеттин өсүп-өнүгүүсү, укуктук жөнгө салуу процессинин жогорулашы менен ал да өзгөрүүлөргө ээ болут турат.

Адам баласынын узак мезгилдүү тарыхында ЖК түшүнүгүнө ар түрдүүчө мамиле жасалып келген, ал тургай, коом менен мамлекет бири-бирине карама-каршы келет деген пикирлер да айтылган.

ЖКдун субьектилер катары төмөнкүдөй топторду жана алардын мүчөлөрүн эсептөөгө болот: жарандар, алардын үй-бүлөлөрү; партиялар; коомдук жана башка бирикмелер; МСУ органдары; мечиттер, чиркөөлөр жана башка диний мекемелер; ММК (массалык маалымат каражаттары), масс медиа ж.б.у.с.

Мурдагы советтик коомдун, анын ичинде Кыргызстандын демократиялашуу процесстеринин натыйжасында XX кылымдын 90-жылдарынын баш чендеринен баштап республикабызда да жарандык коом идеясына түздөн-түз кызыгуулар башталды.

Биздин оюбузча, юридикалык ой жүгүртүүлөр ЖК түшүнүгүндө бир нече багыттарды калыптандырды жана алардын ичинен төмөнкү эки вектор өзгөчө мамиле жасоону талап кылат:

**- I вектор**– коомдукөнүгүүнүн тарыхый баскычы жана социалдык-либералдык баалуулуктарды таануучу жана коргоочу катары мүнөздөлгөн жана аныкталган вектор.

**- II** вектор – мамлекеттен жана мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн иштеген кызматкерлерден көз карандысыз болгон ассоциациялардын көп тармактуу вектору.

Биздин иликтөөлөрүбүзгө караганда, өткөн кылымдын 70-80-жылдарында биз сөз кылып жаткан ЖК анчалык активдүү колдонулган эмес жана Кыргызстандын теориялык-укуктук илимдери аны тез аранын ичинде өздөштүрүп кетүүгө даяр болбогон. Ошентсе да, ЖК концепциясынын баштапкы методологиялык базалары XVII-XX кылымдардан баштап эле түп ала баштаган жана ал акырындап болсо да өнүгүүгө ээ болуп турган. Тарыхый аспетилерде жана жаңы трансформациялардын форматында ЖК түшүнүгүнүн трактовкасына болгон бир нече көз караштар ажыратып каралды жана аларга анализдер жүргүзүлдү. Мамлекеттен сырткары иш жүргүзгөн жана ага түздөн-түз баш ийбеген субъектилердин биримдиги болгон ЖКдун структуралары изилдөөгө алынды.

**1.2 “Жамааттык коом” категориясына теориялык-укуктук анализ”** бөлүмүндө изилдөөчү тарабынан XVIII-XIX кылымдарда жана “жаңы мезгилдерде” калыптана жана өнүгө баштаган коомдук жана мамлекеттик институттардын ортосундагы дифференциацияга, ЖК менен мамлекеттин ортосундагы байланыш-катыштын калыптана башташына анализ жасалды.

Теориялык-укуктук изилдөөбүздө ЖК ичиндеги жана аны менен болгон өз ара байланыштардын мүнөзүнө жана ар бир элементтерине жалпыланган анализ жасалды. Мындай байланыштар структурасы жана компетенциясы боюнча ар түрдүүчө болгон органдардан турган мамлекеттик органдар системасы менен болушу мүмкүн.

Азыркы учурда Кыргызстандын укуктук илимдеринде саясий система жана жарандык коом түшүнүгү боюча бирдиктүү система иштелип чыга элек. Коомубуздагы саясий система жөнүндө окумуштуу-юристтер тарабынан ар түрдүүчө, кээде бири-бирине карама-каршы келген аныктамалар да берилүүдө. Булардын ичинен көпчүлүк саясатчылар жана укук таануучулар “саясий система – мамлекеттик бийлик органдарындагы жана ассоциациялардагы эркин мамилелердин биргелешкен байланышы жана ал аркылуу мамлекеттик бийлик өз кызматтык бийлигин аткарат” деген позицияны карманышууда.

Ю.А. Лазарев коомдон бөлүнүп чыгуу менен мамлекет бийлик жүргүзүүчү уюмдун базисине айланат деп белгилегени чындыкка жакындай. Андан ары ал бийлик конституциялык деңгээлде уюштуруучу, жалпы элге кызмат кылуучу, ошол эле учурда адилет талап кылуучу күч дейт.

Бул бөлүмдүн аягында айрым корутундулар чыгарылды. Кыргызстан Республикасында саясий система тууралуу кандайдыр бир жалпыланган жана жалпы кабыл алынган трактовкалар калыптана электиги тууралуу жогоруда айтылып өттү, бул республикабызда ЖК теориясынын эволюциялык өнүгүшү үчүн кыйынчылыктарды жана тоскоолдуктарды жаратары анык. Мамлекет менен жамааттык коомдун өз ара байланышы тууралуу азыркы трактовкаларда да улуу философ Гегелдин эмгектериндеги “тилектештик кызыкчылыктар” теориясынын, демек, бардык багыт адамдардын керектөөсүнө жана кызыкчылыктарына, алардын өз ара байланыш-катышына бурулушу керек деген жобосунун улантылып кетиши ачык байкалат. Бирок да, ар кандай кызыкчылык жана керектөө мыйзам чегинен чыкпоого жана мамлекеттик (демек, жалпы) кызыкчылыктан жеке кызыкчылык жогору коюлбоого тийиш. ЖК менен укуктук мамлекеттин белгилеринин өз ара байланышкандыгы, бири-бирин толуктагандыгы биздин ишибизде жүйөөлүү түрдө далилдер менен негизделди жана анализге алынды.

**2-Глава “Кыргыз Республикасында жарандык коомду өнүктүрүүнүн теориялык-методологиялык проблемалары”** жарандык коомдун методологияларына анализ жүргүзүүгө багытталды. **2.1.** бөлүмүндө **“Жарандык коомдун калыптанышынын жана өнүгүшүнүн саясий-укуктук концепциялары”** темасында теориялык базалардын негизи катары С.С.Алексеевдин, С.Л.Гаджиевдин, О.И.Ильиндин, О.Э.Лейсттин,

М.Н.Марченконун, В.С.Нерсесянстын, Ю.М.Резниктин, К.С.Серебряковдун ЖК боюнча идеялары жана концепциялары алынды.

Бийликтин бөлүнүшү боюнча принципиалдуу түрдө жаңы сунуштарды киргизген Ш.Монтескьенин пикирлери биздин өзгөчө кызыгуубузду жаратты. Ал: "Бийликтен кыянаттык менен пайдаланууга жол бербөө үчүн бийлик өкүлдөрү бири-бирин кармап турган тартип керек",- деп жазган. Монтескье парламенттик башкарууну сунуш кылуу менен алардын ар бир палатасы тең укукта болуп, бири-бирин көзөмөлдөп турууга, аткаруучу бийликтер сөзсүз түрдө парламентке баш ийүүгө тийиш деп айткан. Анын сунушу боюнча үчүнчү бийлик – сот бийлиги болуп, ал көз карандысыз болушу керек.

Демократия укутук мамлекеттин негизи болуу менен жарандардын мамлекетти башкаруу иштерине катыша алуусу аркылуу ачыкка чыгат жана өзүн көрсөтө алат. Ал жарандык коомдогу демократиянын башкы элементи болуп саналат жана демократиялык мамлекеттин идеялары менен укуктук мамлекет жана ЖКдун идеялары бири-бири менен айкалышып турат. Бирок да, ЖКнын субъектилеринин укуктарынын толук сакталышы тууралуу сөз кылуу анчалык туура эмес болуп калар эле, себеби, мыйзамда бекитилген ченемдерге карабастан бизде дагы эле чечилбеген маселелер арбын. Демократия, биринчи кезекте, жогорку аң-сезимдүүлүк, жоопкерчилик жана ар бир жарандын өз укугун гана эмес милдеттерин да так түшүнүүсү. Республикабызда жарандык коом жакшы өнүгө электигине байланыштуу "кыйкырчаак жана жемекей демократияга" жамынып алып экономикабызды кыйратып алдык.

**2.2. "Жарандык коом жана мамлекет" системасындагы чектердин (гран) синтези"** бөлүмүндө ЖКнын категорияларын изилдөөгө жана аларга анализ берүүгө аракет жасадык. Аристотель өз мезгилинде тең укуктуу жарандардын коому саясий түзүлүштүн анык бир формасынын базасында болот жана жашап кетет, алга карай өнүгөт деп айткан.

Азыркы интерпретацияда болсо ЖК жашоонун бардык чөйрөлөрүнүн, коомдун бардык өкүлдөрүнүн мамлекеттен тышкаркы байланыш-катыштарын билдирет.

Жарандык коом демократиялык укуктарды жана жарандардын эркиндигин камсыз кылат деген пикирдин тууралыгына биз да кошулар элек. Демек, мамилелердин толук мамлекеттештирилиши демократиянын пиринциптерин четке кагууга, ал тургай, тоталитардык коомго кайра алып барат деген пикирлерге да кошулбай коюуга болбойт.

Системалык мамилелердин калыптанышына анализ жасоодо жана ЖКнын теориялын өнүктүрүүдө, биз буга чейин сөз кылгандай, Гегелдин идеялары дагы деле болсо өз күчүн жогото элек. Бирок, ал идеяларды заман талабына ылайык келүүчү деңгээлде кайра карап жана иштеп чыгуу зарыл.

М.Т.Баймахаматов үрп-адаттары, каада-салттары, нравалык нормалары, улуттук баалуулуктары менен айырмаланган адамдардын тобу же кайсыл бир конкреттүү улут да өз кезегинде үстөмдүк кылуучу режимге, мамлекеттин саясий доминантына кандайдыр түрдө көз каранды деп туура белгилеген. Чындыгында, турмушта абсолюттук эркиндик деген болбойт, адам жалгыз

өзү ээн талаада калганда гана өз билгенин жасай алат, жанында бир шериги болсо да анын пикирлери менен эсептешүүгө милдеттүү болот.

Жамааттык коомду мамлекеттик эмес структуралардын жана мамилелердин жүз миңдеген бирикмелеринен чогултулган ири топ катары да, анчалык чоң эмес уюмдардан түзүлгөн чакан топ катары датүшүнүүгө тийишпиз, канткенде да, ал демократиялык түзүлүштүн башкы белгилеринин бири.

*Укуктук мамлекет менен ЖКдун өз ара катышынын чектерине анализ жүргүзүү бизге төмөнкүдөй бир топ маанилүү позицияларды аныктоого жана аларды айрым-айрым бөлүп кароого мүмкүнчүлүк берди.* Жарандык коом эркиндикти, теңдикти, гумандуулукту жана адилеттүүлүктү калыптандырат. Анын укуктук негизи катары жарандардын теңдигинин юридикалык принциптери, укуктук эркиндиги, жеке менчикке берилген артыкчылык, түзүлгөн келишимдердин так сакталышы, тартипке салынган жана натыйжалуу иштеген мыйзамдар, соттордун көз карандысыздыгы ж.б.у.с. кызмат кылат. ЖК төмөнкүдөй элементтерден турат: *жаран (гражданин), коом, мамлекет жана коом.* Мамлекеттин жарандары жок жашай албастыгы талашсыз чындык. Индивиддин тигил же бул мамлекетке тиешелүү экендиги ага ал өлкө карманган укуктарды жана саясий-укуктук жактан башкалар менен байланышуу мүмкүнчүлүгүн берет. Мамлекеттин ар кандай этаптардагы өнүгүү өзгөчөлүктөрү жарандардын өлкөнүн саясий жашоосуна катышуу мүмкүнчүлүктөрүн, алардын статустарын да өзгөртөт. Жарандардын мамлекеттин башкаруу иштерине катышуу өзгөчөлүктөрү алардын коомдо алган ордуна байланыштуу. Социумдагы мамиле-катыштар жакшы жакка карай өзгөртүлгөн шартка, адат-салттарга жана укуктук ченемдерге жараша тез темп менен чыңдалып жана өнүгүп кетиши да толук мүмкүн. Коомдук мамилелер тарыхый жана саясий реалияларга жараша мамлекеттик түзүлүштүн тааасири менен ар кандай темптеги өнүгүүгө ээ болот. “Традициялык мамлекет” деп аталып келген түшүнүк азыркы учурда “конституциялык мамлекет” деген аталыш менен алмашылды, бирок кеп аталышта деле эмес, кептин бардыгы коом жана жарандар мамлекеттик башкарууга канчалык деңгээлде катыша аларында. Адам деген аталыштан айырмаланып гражданин мамлекеттик мүнөзгө ээ, ал өзү жашаган мамлекеттин анык мыйзамдуу мүчөсү, ал өз өлкөсүндөгү ар кандай саясий иш чараларга (мисалы, ар кандай шайлоолорго) катышууга, аларда өзүнүн талапкерлигин коюуга укуктуу. Баарыбызга белгилүү болгондой, жарандык (граждаство) – адам менен мамлекеттин өзгөчө саясий-укуктук байланышы. Жарандык коомду биз адамдардын жашоо-тиричилигинин материалдык шарттарынын өсүшү, жакшы жашоого жетишиши деп гана эмес руханий-нравалык, укуктук аң-сезим жана активдүүлүк жактан да өсүүсү деп түшүнүүгө тийишпиз. Бул жагдай бир аз коолтонууну да жаратат, себеби жарандык коомдун күч алуусу менен бирге мамлекет да экономикалык жактан өнүгүүгө ээ болот да ал башкаруучулук ролун күчөтөт. Ошондуктан да, азыркы учурда коомдун мамлекеттин жана мыйзамдык ченемдердин таасирлеринен сырткары жашап туруусу тууралуу сөз кылууга да мүмкүн эмес.

**3-Глава "Жарандык коом менен мамлекеттин өз ара катышынын укуктук механизмдеринин калыптанышы жана алардын аракети"** аталып, анда жарандык коом менен мамлекеттин укуктук механизмдерине анализ жасалды.

**3.1. "Жарандык коом жана мамлекеттин таасир этүүсүнүн укуктук механизмдери"**бөлүгүндө демократиянын, анын ичинде партиялар менен шайлоо системасынын саясий мамилелеринин бир катар субьектилерин бөлүп көрсөттүк, себеби жаматтык коомдун базалык принциптери дал ушул багыттарда концентрацияланган. Бул деген баарыдан мурда: саясий плюрализмди таануу; өкүлчүлүктөрдүн институттарынын кеңири түйүнү; кызмат адамдарын тандоонун форматтары.

Жарандык коомдорго эркиндиктин берилиши жана шайлоолор аркылуу партиялардын саны да көбөйөт, муну республикабыздын мисалынан даана көрүп турабыз. Аталган саясий окуялар республикабызда демократиянын принциптерине жана жарандык коомго, тактап айтканда, төмөнкү критерийлерге жана принциптерге чоң таасирин тийгизди. Мисалы, аларды бирден санап өтөлү: институционалдык партиялар, плюрализм концептилери, шайлоо системалары, толук эркин жана эч кандай элиталардын кызыкчылыктарын көздөбөгөн маасалык маалымат каражаттары, шайлоолордогу агитация иштеринин жана аларды өткөрүүнүн тазалыгы ж.б.

Көпчүлүк өнүккөн өлкөлөрдө партиялар менен мамлекеттик механизмдер, өкмөт биргелешип иш алып барышат. Парламенттик мамлекеттерде жана башкаруунун аралаш формасы колдонулган өлкөлөрдө парламент өкмөтүн курамын түзүүдө, мамлекет башчысы менен мамлекеттин кызыкчылыктары үчүн иштешүүдө чоң роль ойнойт.

*Жарандык коомдун өнүгүшүндөгү натыйжалар төмөнкүлөр болушу мүмкүн:*

- көп партиялуулуктун интенсивдүү чыңдалышы жанаанын катализатору болуп жарандардын өздөрүн эркин сезүүсү эсептелет. Жаңы партиялардын пайда болушуна социалдык-укуктук, институционалдык жана сасий эркиндик аспектилери өбөлгө болот;
- оппозициялык маанайдагы партиялардын пайда болушу жана алардын чыңдалышы менен бийлик башындагылардын кемчиликтерине ачык түрдө сын-пикирлер айтыла баштайт;
- жарандардын бири-бирине болгон ишеничтери күчөйт жана бул мамлекеттин социалдык-экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң өбөлгө болот.

Жарандарды бириктирүүчү партиялардан башка да көптөгөн компоненттер бар. Мисалы, *Керектөөчүлөрдүн союзу* – керектөөчүлөрдүн кызыкчылыгын жана укуктарын коргоо үчүн түзүлгөн бирикме жана ал бир топ чакан жана салыштырмалуу түрдө анчалык маанилүү эмес маселелерди чечет.

Жарандык коомдун дагы бир компоненти– *коомдук бирикмелер.* Алар жарандардын ар түрдүү кызыкчылыктарын коргоо үчүн түзүлгөн жана коомдун өнүгүү деңгээлинин көрсөткүчү болуп саналат. Мындай бирикмелердин көпчүлүгү мамлекетке баш ийбейт, өзүн өзү башкарат жана коммерциялык эмес мүнөзгө ээ да жарандардын кызыкчылыктарынын жана

максаттарынын жалпылыгынын негизинде түзүлөт жана иш алып барат. Коомдук бирикмелер ар кандай чыгармачылык, экономикалык, чарба жүргүзүүчүлүк иштерди алып барат. Биздеги МЭУлардын (НПО) (мамлекеттик эмес уюмдар) жүргүзгөн иштеринде айрым негативдүү көрүнүштөр да бар, алар четтен келген каражаттар менен иш жүргүзүүсүнүн натыйжасында жалпы элдин, мамлекеттин кызыкчылыктарына туура келбеген саясаттарды да жүргүзүп жибериши да мүмкүн.

Кыргызстанда коомдук бирикмелердин түзүлүүсүн, иш жүргүзүүсүн жөнгө салуучу мыйзамдар да иштелип чыккан жана аларга коюлуучу талаптар төмөнкүчө:

- каттоонун процедураларынын так сакталышы;
- Кыргыз республикасынын Негизги мыйзамына туура келген, ага каршы турбаган программаларынын жана уставдарынын болушу;
- мамлекеттик сырларды четке чыгарбоо;
- жалпы элдик жана мамлекеттик кызыкчылыктар үчүн иштөө.

Республиканын мыйзамдык кодексинде көрсөтүлгөндөй, коомдук бирикмелердин формалары төмөнкүчө болууга тийиш: *уюмдар, кыймылдар, фонддор, мекемелер, өз алдынча иш жүргүзүүчү органдар.*КРнын “Коомдук бирикмелер жөнүндөгү” мыйзамына ылайык алар төмөнкүдөй максаттарда түзүлөт:

-калктын укугун жана эркиндигин коргоо жана аны камсыз кылуу;
-жарандардын өз алдынчалыгын, өз алдынча чарба жүргүзүүсүн өркүндөтүү. Бул тизме аз гана санда болгону менен маани-маңызы жана аткара турган иштери боюнча абдан маанилүү жана демократиялык мүнөзгө ээ.

Жогоруда аталган бирикмелерден тышкары Кыргызстанда эл аралык МЭУ-НПОлордун ар түрдүү кыймылдары жана бөлүмдөрү, экологиялык бирикмелер, ишкерлердин жана керектөөчүлөрдүн кызыкчылыктарын коргоочу уюмдар иштейт. Диссертациялык ишибизде жарандык коомдун бардык курамдык элеметтеринин иштерин жөнгө салуучу мыйзамдардын укуктук жактары анализге алынды. ЖК менен мамлекеттин өз ара байланышынын негизги каналдарынынбири катары жарандык коомдордун институттарыэсептелет. Жалпы коомчулуктун күчү жана аракети менен республикабыздагы жарандык коомдордун иштеринин натыйжалуулугун көтөрүүгө болот.

**3.2. “Укуктун корреляциясы – жарандык коом менен мамлекеттин өз ара байланышынын негизи”** бөлүмүндө ЖКнын укуктук позициясын изилдөөгө алдык жана ага анализ жасадык.

Либералдык жана марксистик традициялардын айырмачылыктарына карабастан экөөндө тең жарандык коом рынок экономикасына байланышта каралат. Либералисттер да марксисттер да жеке менчикти ЖКнын базиси катары эсептейт. Жаран негизинен алганда, эркиндикке жана жеке менчикке ээ индивид.

Дал ушул *конституциялык кепилдиктердин статусу же топтому болгон укук түшүнүгү мамлекет менен жарандык коомдун корреляциясына кирет.*

Уюмдардын ар кандай программаларга, эксперттик жана консультативдик кеңештерге жана комиссияларга катышуусун укуктук жактан бекемдөө менен алардын статусун жана саясатка, өлкөнүн укуктук компетенцияларына жана экономикасына тийгизген таасирин көтөрүүгө болот. Бүгүнкү күндө республикабыздагы уюмдар пассивдүүлүктү көргөзүшүүдө жана өлкөбүздө болуп жаткан саясий-экономикалык окуяларга кайдыгерлик менен карашууда жана мамиле жасашууда. Жогоруда белгиленгендей, айрым мамлекеттик эмес уюмдар, тилекке каршы, өлкө кызыкчылыгына карама-каршы келген иш-аракеттерди да жүргүзүп жиберишүүдө.Мындай уюмдардын иштерин өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн төмөнкүдөй багыттарды сунуш кылар элек:

- аталган уюмдардын жана НКОлордун өнүгүүсү үчүн нормативдик-укуктук жана методикалык негиздерди иштеп чыгуу;
- кызмат көрсөтүү жана гранттарды натыйжалуу пайдалануу боюнча мамлекеттик буйрутмаларды аткарууга конкурстарды жарыялоо;
- көз карандысыз эксперттердин, мониторингдердин жана көзөмөлдөрдүн механизмдерин иштеп чыгуу жана аларды кеңири пайдалануу;
- “үчүнчү сектор” деп аталган уюмдардын иш-аракеттерине билим берүүчүлүк жана консультативдик колдоо көрсөтүүнүн механизмдерин иштеп чыгуу жана аларды өркүндөтүү.

Биз бул бөлүктө бир топ корутундуларды чыгардык. Алсак, Кыргызстандагы модернизациянын жана трансформациянын шарттарындабийлик органдары, ЖКнын институттары өркүндөтүлүүдө, буга байланыштуу алардын өз ара байланыштары, республиканын саясий процесстерине тийгизип жаткан таасирлери да күчөөдө. МЭУлардын жана алардын корпустары, бөлүмдөрү айрым проблемаларды чечүүдө бир топ мыкты иштерди жүргүзүшүүдө, бул да болсо республикабызда жарандык коомдордун иштеринин алга жылуусунун белгиси. ЖК – рыноктук экономикага багыт алган чарба жүргүзүү, саясий демократия, пикирлердин плюрализми жана укуктук мамлекеттүүлүк менен тыгыз байланышкан феномен.Кыргыз Республикасындагы жарандык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү өз алдынчалыкка ээ, бирок да, жалпысынан алганда, көп мамлекеттер басып өткөн жол боюнча өнүгүүдө. Сандан сапатка өтүү принцибинен алганда, ЖКлар бийликти көзөмөлдөй жана кабыл алынуучу чечим, токтомдорго өз таасирин тийгизе алганда гана өнүккөн жарандык коом жөнүндө сөз кылууга болот. Бир системадан экинчи системага өтүү учурундагы ЖКлардын өнүгүүсү эволюциялык процесс болуп эсептелет жана алар алдын ала өнүгүүгө шарттарды гана жаратпастан жаңы субъектилерди – мамлекеттин жана калктын кызыкчылыктарын көздөгөн жана коргогон жарандарды, бирикмелерди түзүүгө, тарбиялоогожана калыптандырууга тийиш. Учурдагы жамаатык коомдор менен мамлекеттин байланыштары мезгил талабына шайкеш келип, жалпы кызыкчылыкка карай багыт алуусу, ачык-айкындуулукту, координацияны, калк алдындагы жоопкерчиликти туу тутуусу зарыл.

## ТЫЯНАКТАР ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Диссертацияда изилдөөбүздүн негизги натыйжалары, аларды турмушта колдонуунун жолдору, келечектеги изилдөө иштерибиздин перспективалары берилди. Биздин изилдөө иштерибиздин негизги максаттарынын бири республикабызда жарандык коомдордун иштерин жандандыруу болду.ЖКлардын теорияларына, ошондой эле социумдун өзүнө анализ жасоого өзгөчө көңүл бөлдүк.

1. Жарандык коом менен мамлекеттин предметтик-маанилик жактарындагы чектерди ажыратууга, байланыш-катыштарынын жолдорун аныктоого аракеттер жасалды. Анализ жүргүзүүдө бийликке умтулбаган, эл кызыкчылыгына шек келтирбеген жарандык коомдордун иш-аракеттеринин критерийлерине басым жасадык.

2. Илимий-укуктук жана аналитикалык жолдор менен социумдардын күндөлүк жашоосунда өзгөчө мааниге ээ болгон жарандык коомдордун түзүлүүсүнүн, калыптануусунун жана өнүгүүсүнүн эволюциясына, алардын жашоодогу ордуна жана кызматына изилдөөлөрдү жүргүздүк. Жарандык коомдорго комплекстүү мүнөздөмө берүүдө алардын кызыкчылыктары менен калктын кызыкчылыктарынын жана керектөөлөрүнүн дал келүүсүн, эркин ойлоону өнүктүрүүдөгү алардын кызматын аныктоого өзгөчө басым жасалды.

3. ЖКнын мыкты иш-аракети жана кызматы мамлекеттик системанын өнүгүшүн, жарандардын толук эркиндигин камсыз кылууну шарттайт. Жарандык коом менен мамлекеттин өз ара байланышында жана биргелешип иштешүүсүндө жеке менчик ээлери, “орточо тап (класс)” деп аталган субъектилер өзгөчө мааниге ээ.

4. Жарандык коомдун генезиси – социумдун структуралык татаалданышынын жыйынтыгы. ЖКлар мамлекеттеги стабилдүүлүктүн сакталышына өбөлгө түзүүгө тийиш, алар чакан топтор, уруулар, аймактар жана этностор ортосундагы пикир келишпөөчүлүктөрдүн алдын алат, жалпы калкты теңчиликте жана боордоштукта жашоого үндөйт.

5. Жарандык коомдорго арбитраждык жана эксперттик функциялар берилери негизделди. Ал мамлекеттик бийлик структураларына аздыр-көптүр таасир эте алууга тийиш. Биздин изилдөөлөрүбүзгө жана анализдерди жүргүзүүбүзгө караганда ЖКнын институттары саясий жана экономикалык бирикмелер менен биргелешкен аракетте болот.

6. Биз тараптан жүргүзүлгөн комплекстүү теориялык-укуктук анализдер биздин социумдун жарандык коомдордун институттарынын калыптанышына даяр эместигин көргөздү. Ошентсе да, республикабызда демократиялык түзүлүштүн калыптана башташы жарандык коомдордун түзүлүшүнө, калыптанышына жана өнүгүшүнө жагымдуу шарттарды түздү. Алардын туура багытта иш жүргүзүүсү, бийлик органдары менен биргелешип иш алып баруусу мыйзамдуу түрдө бекемделди.

Кыргызстандын тарыхына көз чаптырсак анын басып өткөн жолунун өзгөчө жана уникалдуу болгонуна күбө болобуз жана эчендеген доорлор

ичинде мыйзамдуу түрдө бекемделбегени менен демократиянын баштапкы белгилери түптөлгөн жана ал сакталып келген. Ошондуктан да азыркы учурда “көчмөндөр демократиясы” деген аталышка ээ болгон түшүнүктү изилдөөгө алуу укуктук таануучулар арасында өзгөчө кызыгууну жаратууда.

**Мамлекеттик бийлик органдары үчүн**

- Кыргыз Республикасында Коомдук Палатаны кайрадан түзүү керек, себеби мурда түзүлгөн коомдук структура максаттык багытталышы боюнча өз маанисин жоготкон жок жана жарандык коомдордун андан ары өнүгүшү үчүн анын ишин кайра жандандыруу зарыл.

- ЖКнын бардык элементтеринин натыйжалуу кызмат аткарышы боюнча мыйзам чегинде жана ал аркылуу бекитилген мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу. Мындай саясат бардык жарандардын кызыкчылыктарын көздөөгө тийиш, анын терең ойлонулган, алысты көздөгөн жана кырдаалдык мааниде эмес стратегиялык мүнөздө болуусу зарыл.

- Бийликтин мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бутактарында жогоруда аталган саясатты уюштуруу жана ишке ашыруу боюнча функционалдык структураларды түзүү. Алар КРнын Жогорку Кеңешиндеги комитет жана ошондой эле КРнын Премьер-министринин Аппаратынын курамындагы структуралык бөлүм (департамент же башкармалык) болушу да мүмкүн. Алар ЖКларды башкаруу, алардын иш-аракеттерин, калк менен болгон байланыштарын координациялоо маселелери менен иштөөгө тийиш.

- Кыргызстандагы ЖКлардын ишин координациялоо боюнча Мамлекеттик программаны иштеп чыгуу жана аны мамлекеттик деңгээлде кабылалуу. Аны иштеп чыгууда билим берүү, жаштар жана тил саясаттарынын эске алынуусу зарыл.

- Республиканын мыйзамдарынын, *иштеп жаткан уюштуруучулук-укуктук механизмдер* бөлүмүндөгү ратификацияланган эл аралык укуктук актылардын аткарылышынын механизмдерин иштеп чыгуу.

*Жарандык коомдордун субъктилеринин укуктарын камсыз кылуунун процессуалдык механизми катары КРнын “ЖКлардын субъктилеринин укуктарын коргоо жана аларды тең укукта өнүктүрүү жөнүндөгү” мыйзамы кызмат кылат.* Мындай мыйзам долбоорун иштеп чыгууда Украина, Азербейжан жана башка КМШ мамлекеттеринин тажырыйбаларын колдонууга болот.

- Мамлекеттик структуралардын жанажарандык коомдун уюмдары менен биргеликте ЖКлардын структуралык элементтеринин өнүгүүсүнө түрткү берүүчү “2018-2022-жылдар ичинде Кыргыз Республикасындагы ЖКлардын субъектилерин колдоого алуу жана өнүктүрүүнүн комплекстүү программасын” иштеп чыгуу жана кабыл алуу.

**Жарандык коомдор үчүн**

- ЖКлардын өнүгүү теориясын түзүү жана калыптандыруу үчүн академиялык дискурстарды түзүүгө көмөк көрсөтүү.

- АНКнын алдыдагы НКЦтын улуттук маданий уюмдарынын жарандык коомдордун гармониялуу иштеши үчүн көмөк көргөзүшү, биргеликте иш алып барышы.

**Эл аралык уюмдар үчүн**

- Кыргызстандын МЭУлары жамааттык коомдорду өнүктүрүүгө багытталган долбоорлорду ишке ашырууга демилге көрсөтүүгө тийиш. Улуттук жана өлкө аймагында жашаган бардык социалдык топтордун кызыкчылыктарын жана ошондой эле Кыргызстандын позитивдүү өнүгүүсүнөбагытталышын эске алган жана ар тараптуу ойлонулуп чыгылган мамлекеттик саясатты иштеп чыгууучурда абдан актуалдуу маселелердин бирине айланууда.

Активдүү жарандык позициялардын айкалышышы ЖКдордун калыптанышына чоң мүмкүнчүлүктөрдү жаратат жана ал стратегиялык перспективада жарандык коомдор менен мамлекеттин өз ара активдүү түрдө кызматташуусуна, республикабыздын түрдүү социалдык кызыкчылыктарынын сакталышына жана өнүгүшүнө алып келет.

Жарандардын бардыгынын мүмкүнчүлүктөрүн абсолюттук түрдө теңдештирүү мүмкүн эмес, себеби ар кимдин жарандык статустары жана мүмкүнчүлүктөрү ар түрдүүчө, мына ошондуктан мамлекет калкка жагымдуу жана ыңгайлуу шарттарды түзүп берүүдө улам жаңы пайда болуп жаткан тендецияларды ийкемдүүлүк менен пайдаланууга тийиш.

Жарандык коомдорду тарыхый факт деп түшүнүү жана мамлекеттин улуттук кызыкчылыктарын көздөө менен мамлекттик саясаттын приоритеттүү багыттары төмөнкү критерийлерде аныкталат:

- Кыргызстандын бардык социалдык жана этникалык топторунункызыкчылыктарын бирдей деңгээлде колдоого алуу.

- мамлекеттин башкы саясаттарынын бири республиканын Негизги Мыйзамында көрсөтүлгөнкалк арасында, жалпы эле өлкө ичинде демократиялуулук принциптерин камсыз кылууга таянат.

**Жарандык коомду өнүктүрүү үчүнсоциалдык-экономикалык сферага коюлуучу талаптар:**

- калктын кызыкчылыгын мамлекеттик экономикалык саясатка ылайык колдоого алуу, мыйзам чегинен чыкпоо;

- мамлекеттин админстративдик-аймактык түзүлүштөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлин теңдештирүү (2018-жыл Кыргызстанда аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыяланды);

- “депрессивдүү” райондор деп аталган аймактардын (биринчи кезекте, Нарын жана Баткен облаттары) калкын жумуш менен камсыз кылуу боюнча атайы программаларды кабыл алуу, аларды ишке ашыруу.

**Руханий сферада:**

- жарандарда руханий биримдик, элдердин достугу, эл аралык консенсус, патриоттук идеяларын тарбиялоо жана калыптандыруу. интерноционалдык сезимдерди жана байланыштарды күчөтүү максатында пропоганда иштерин активдештирүү.

**Тышкы саясат багытында:**

- кеңири спектрдеги проблемаларды (айрыкча, миграция маселесиндеги) чечүү максатында өз ара кызматташуу боюнча КМШ мамлекеттери жана алыскы чет өлкөлөр менен келишимдерди түзүү;

- түрдүү чыр-чатактардын алдын алуу, аларды сүйлөшүү жолдору аркылуу тынчтык жолдору менен чечүү боюнча постсоветтик республикалар менен кызматташуу;

- жарандар, бийлик органдары жана улуттук жамааттар, уюмдар ортосундагы позитивдүү диалогдорго жетишүү максатында мамлекеттик программаларды иштеп чыгуу жана коомдук демилгелерди колдоого алуу.

## Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:

**1.** Бекташова, К. Системный анализ правовой категории “Гражданское общество” [Текст] / К. Бекташова // Социальные и гуманитарные науки. – 2012. - №3-4. – С. 23-26.

**2.** Бекташова, К. К вопросу о соотношении гражданского общества и государства [Текст] / К. Бекташова // Вестник Академии МВД КР / “Коррупция как угроза национальной безопасности”: сб. материалов международной научно-практической конференции. – Бишкек, 2013. - №2. – С. 47-50.

**3.** Бекташова, К. Грани формирования отношений: гражданское общество и государство [Текст] / К. Бекташова // Наука и новые технологии. – 2013. №5. – С. 251-255.

**4.** Бекташова, К. Некоторые проблемы формирования и развития гражданского общества в Кыргызстане [Текст] / К. Бекташова // Научные труды “Адилет”. – Алматы, 2014. - №2. – С. 44-48.

**5.** Бекташова, К. О теоретических проблемах формирования гражданского общества в Кыргызстане [Текст] / К. Бекташова // Право и политика. – 2014. №1. – С. 177-180.

**6.** Бекташова, К. Об эволюции правовых механизмов в системе отношений гражданского общества и государства [Текст] / К. Бекташова // Наука и новые технологии. – 2014. - №1. – С. 141-145.

**7.** Бекташова, К. К вопросу определения теоретико-правовой категории “Гражданское общество” [Текст] / Э.Э. Дуйсенов, К. Бекташова // Наука и новые технологии. – 2014. - №1. – С. 149-150.

**8.** Бекташова, К. О праве как основе взаимосвязей гражданского общества и государства [Текст] / К. Бекташова // Известия вузов. – 2014. - №1. – С. 140-144.

**9.** Бекташова, К. О корреляции права как основы взаимосвязей гражданского общества и государства [Текст] / К. Бекташова // Научный альманах. – Тамбов, 2016. - №1-4 (15). – С. 16-19.

**10.** Бекташова, К. К вопросу о синтезе граней в системе: «Гражданское общество и государство» [Текст] / Э.Э. Дуйсенов, К. Бекташова // Научный альманах. – Тамбов, 2016. - №1-4 (15). – С. 24-27.

**Бекташова Кишимжан Бекташовнанын 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндөгү окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн “Кыргыз Республикасында жарандык коомду калыптандыруунун жана өнүктүрүүнүн укуктук проблемалары”деген темадагы диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Ачкыч сөздөр:** Негизги мыйзам, адам укугу, жарандык коом, жарандардын конституциялык укугу, конституциялык-укуктук механизм, саясий-укуктук шарттар, кепилдиктер, мыйзам чыгаруу.

**Изилдөөнүн обьектиси** болуп, институционалдык жана фукционалдык компоненттердин жыйындысын жана синтезин өз ичине камтыган жарандык коом феномени саналат.

**Изилдөөнүн предмети** катары динамикалуу өнүгүп жаткан Кыргыз Республикасынын институттарынын биргелешкен аракеттеринин теориялык-укуктук аспектилерин тандап алдык.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп, Кыргызстандын институттарын изилдөөнүн концептуалдык базасы катары таанылган жана саясий-укуктук түшүнүктөрдүн чектерин аныктаган “жарандык коом” феноменин комплекстүү түрдө теориялык-укуктук жактан трактовкалоо, ага ар тараптуу анализ берүү, мамлекет жана калк үчүн алардын кызматын, андан ары өнүгүү жолдорун аныктоо эсептелди.

**Изилдөөнүн методологиялык негиздери** катары жалпы илимий жана таанып-билүүнүн төмөнкүдөй методдорун: салыштырма укуктук, функционалдык, логикалык, укуктук моделдөөнүн методдорун ж.б. кабыл алдык.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана алардын илимий жаңылыгы** өз алдынча комплекстүү изилдөө иштеринин жүргүзүлгөндүгүндө. Республикабыздагы жарандык коомдун бир топ кеңири форматта изилденгендиги, философиялык контексттердин арбындыгы, адилеттүүлүк принциптеринин коомчулугубузда калыптандыруунун, Кыргызстандагы социумда стабилдүүлүктү сактоону жолдору талдоого алынгандыгы менен биздин диссертациябыз жарандык коомго жасалган алгачкы анализдерден болуп саналат. Укуктук мамлекет жана жарандык коомдун өнүгүү процессинин себептик-натыйжалык өз ара байланыштарынын жана ошол эле учурда өз ара көз карандылыгынын айрым тенденциялары илимий жактан негизделди.

**Изилдөөнүн натыйжаларын пайдалануу боюнча рекомендациялар.** Биздин ишибизде келтирилген корутундулар жана практикалык рекомендациялар юридикалык багыттагы изилдөө иштеринде, атайын адистердин кызматтарында жана жождордогу лекциялык курстарды өтүүдө колдонулушу мүмкүн.

Биз жыйнаган жана талдоого алган материалдарды Кыргызстандын укуктук системасына анализ жасоодо да пайдаланууга сунуштайбыз. Диссертациялык иштин методологиялык, практикалык жана дидактикалык маанилүүлүгү республикабыздагы ЖК менен мамлекеттин өз ара байланышындагы айрым пайда болгон маселелерди оң жагына чечүүгө көмөк көрсөтө алат деген ишеничтебиз. Дидактикалык жактан алганда, биз изилдөөгө алган жана сунуш кылган жоболорду юристтер үчүн көмөкчү материалдарды (пособие) даярдоодо, тиешелүү курстар боюнча сабактарды, атайын курстарды өтүүдө, мамлекеттик кызматкерлерди даярдоодо жана кайра даярдоодо колдонууга сунуштайбыз. Диссертациялык иште берилген материалдар, ошондой эле, укук таанууга кызыккан бардык жарандар тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

**Диссертациялык иште берилгенматериалдардын колдонулуу чөйрөсү** төмөнкүлөр болушу мүмкүн: бирикме, уюмдардагы жарандардын укугу багытындагы КРнын укуктук актыларын өркүндөтүү боюнча мыйзам чыгаруу иш-аракеттери;мамлекеттин аткаруу жана башка органдарынын аймактарды өнүктүрүүнүн мамлекеттик программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралары; мамлекет жана укук теориясы багытындагы илимий изилдөө, окутуу иштери.

# Резюме

**диссертации Бекташовой Кишимжан Бекташовны на тему «Правовые проблемы формирования и развития гражданского общества в Кыргызской Республике» на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 – теория и история права и государства; история учений о праве и государстве**


**Ключевые слова:** Основной закон, права человека, гражданское общество, конституционные права граждан, конституционно-правовой механизм, политико-правовые условия, гарантии, законодательство.

**Объектом исследования** выступает феномен гражданского общества, вобравший в себя совокупность и синтез институционального и функционального компонентов.

**Предметом исследования** являются теоретико-правовые аспекты взаимодействия институтов динамично развивающегося Кыргызстана.

**Цель диссертационного исследования** заключается в комплексной попытке построения обобщенной теоретико-правовой трактовки «гражданское общество», формирующего грани политико-правового понятия, преобразуясь в концептуальную базу для изучения его институтов в Кыргызстане.

**Методологической основой исследования** являются общенаучные и специальные методы познания: исторический, сравнительно-правовой, функциональный, логический, метод правового моделирования и др.

**Полученные результаты и их научная новизна** заключается в том, что данная работа представляет собой самостоятельное комплексное исследование. Данное исследование является одной из первых попыток анализа, в котором исследуются гражданское общество в более широком формате, емком по содержанию философском контексте и воспринимается в массовом сознании как способ и средство утверждения принципов справедливости, как объективированное должное условие стабильности кыргызстанского социума. Обосновываются также и некоторые тенденции, где прослеживается причинно-следственная взаимозависимость процессов развития правового государства и гражданского общества.

**Рекомендации по использованию.** Сформулированные в работе выводы и практические рекомендации могут быть использованы: в сфере исследовательской деятельности, а также в практике преподавания курсов в вузах.

Материалы могут быть приемлемы в процессе анализа правовой системы Кыргызстана. Методологическое, практическое и дидактическое значение заключается в том, что в ней указываются действенные средства решения во взаимодействиях ГО и государства в Кыргызстане.

Дидактическое значение определено итогами, приемлемыми для подготовки пособий, проведения занятий по соответствующим курсам, а также ряда спецкурсов для подготовки и переподготовки госслужащих. Материалы также могут успешно использоваться широким кругом заинтересованных лиц.

**Область применения:** в законотворческой деятельности по совершенствованию правовых актов КР в сфере прав граждан в объединения; в деятельности исполнительных и других органов государства по реализации государственных программ развития регионов; в научно-исследовательской и преподавательской деятельности в сфере теории государства и права.

**Summary**

**Bektashova Kishimzhan Bektashovna's theses on a subject: "Legal problems of formation and development of civil society in the Kyrgyz Republic" for a degree of Candidate of Law Sciences in 12.00.01 – theory and history of law and state; story of doctrines about the law and state**

**Keywords:** Basic law, human rights, civil society, constitutional rights of citizens, constitutional legal mechanism, political and legal conditions, guarantees, legislation.

The phenomenon of civil society which has incorporated set and synthesis of institutional and functional components acts as an object of a research.

**Object of research** are teoretiko-legal aspects of interaction of institutes of dynamically developing Kyrgyzstan.

**The purpose of a dissertation research** consists in complex attempt of the creation of the generalized teoretiko-legal treatment "civil society" forming sides of a political and legal concept, being transformed to conceptual base for studying of his institutes in Kyrgyzstan.

**Methodological basis of a research** are general scientific and special methods of knowledge: historical, comparative and legal, functional, logical, method of legal modeling, etc.

The received results and their scientific novelty is that this work represents an independent complex research. This research is one of the first attempts of the analysis in which are investigated civil society in wider format, a philosophical context, capacious on contents, and is perceived in mass consciousness as a way and means of an approval of the principles of justice, as an objektiv due condition of stability of Kyrgyzstan society. Are proved as well some tendencies where the cause and effect interdependence of developments of the constitutional state and civil society is traced.

**Recommendations about use.** The conclusions and practical recommendations formulated in work can be used: in the sphere of research activity and also in practice of teaching courses in higher education institutions.

Materials can be acceptable in the course of the analysis of legal system of Kyrgyzstan. The methodological, practical and didactic value is that in her effective cures are specified in interactions of GO and the state in Kyrgyzstan.

The didactic value is determined by the results accepted for preparation of grants, training at the corresponding courses and also a number of special courses for preparation and retraining of government employees. Materials can also successfully be used by a wide range of interested persons.

**Scope:** in legislative activities for improvement of legal acts of KR in the sphere of the rights of citizens in associations; in activities of executive and other bodies of the state for implementation of state programs of development of regions; in research and teaching activity in the sphere of the theory of the state and the right.